№ 3422-ФХД/25 04.07.2025

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

## БУЙРУК

(2024-2025-окуу жылында дистанттык технологияларды пайдалануу менен сырттан окутууда электрондук билим берүү чөйрөсүнүн уюштурулушу, абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары жөнүндө)

2025-жылдын 30-июнундагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде № 9 протоколунун чечими менен «2024-2025-окуу жылында дистанттык технологияларды пайдалануу менен сырттан окутууда электрондук билим берүү чөйрөсүнүн уюштурулушу, абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары жөнүндө» 1-маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. ОшМУнун электрондук билим берүү жана санариптик трансформациялоо боюнча проректору, доцент У. Д. Молдояровдун «2024-2025-окуу жылында дистанттык технологияларды пайдалануу менен сырттан окутууда электрондук билим берүү чөйрөсүнүн уюштурулушу, абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары жөнүндө» билдирүүсү эске алынсын.

2. Материалдык-техникалык базаны жаңылоо максатында компьютердик класстарды заманбап жабдуулар менен толуктоо, интернет ылдамдыгын жогорулатуу жана булуттук платформаларды киргизүү боюнча иштер маалымат коопсуздугу жана компьютерлерди техникалык тейлөө бөлүмүнө жүктөлсүн.

3. 2025-жылдын 1-сентябрына чейин билим берүү порталына жүктөлүүчү электрондук окуу-методикалык комплекстер (ЭОМК) жободо белгиленген талаптарга ылайык жана интерактивдүү элементтерди камтуу принциптерине ылайык кайра иштеп чыгып, ар бир окутуучу өзүнүн окуу курсу боюнча ЭОМКнын мазмуну жана сапаты үчүн жекече жоопкерчилигин алсын. ЭОМКсы белгиленген талаптарга жооп берген гана окутуучуларга сырттан окуу формасында сабак жүгүн бөлүштүрүлүүсүн камсыздоо институттардын директорлоруна милдеттендирилсин.

4. Экономика, юриспруденция жана менеджмент багыттары боюнча сырттан окуу формасына кабыл алуу убактылуу токтотулгандыгына байланыштуу, аталган адистиктерде сырткы окуу формасында билим алып жаткан, учурда академиялык өргүү алган же окуудан убактылуу четтетилген студенттердин тизмеси такталып, талдансын. Ал студенттер менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, алардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн түшүндүрүү аркылуу 2025–2026-окуу жылы аяктаганга чейин окуусун улантып, жыйынтыктоого үндөө максатында тиешелүү уюштуруучулук иш-чараларды жүргүзүү институттардын директорлоруна милдеттендирилсин.

5. ЭОМК жараткан профессордук-окутуучулар курамын мотивациялоо механизмин иштеп чыгуу жана уюштуруу окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмүнө милдеттендирилсин. Механизмдин долбоору 2025-жылдын 1-октябрына чейин даярдалып, Административдик кеңешине сунушталсын.

6. Санариптик инструменттерди жана электрондук окутуу ыкмаларын колдонуу боюнча үзгүлтүксүз тренингдерди жана курстарды уюштуруу, профессордук-окутуучулук курам ортосунда алдыңкы тажрыйбаларды жана усулдук иштеп чыгууларды алмашуу үчүн аянтчаларды түзүү квалификацияны жогорулатуу борборуна милдеттендирилсин.

7. Студенттерди учурдагы контролдоо жана орто аралык аттестациялоо учурунда өздүгүн аныктоо менен билимин баалоочу онлайн прокторинг системасы өркүндөтүлсүн. Учурдагы сүрөткө тартуучу механизм видеого жана аудиого негизделген платформага

өтсүн. Бул системаны 2025-жылдын 1-декабрына чейин ишке киргизүү "IT-Академия" жогорку технология паркына жүктөлсүн.

8. АІ (жасалма интеллекттин) жардамы менен электрондук контент түзүүгө багытталган сервисти пилоттук режимде ишке киргизүү тапшырмасы "IT-Академия" жогорку технологиялар паркына, маалымат коопсуздугу жана компьютерлерди техникалык тейлөө бөлүмүнө, математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтуна жүктөлүп, анын ишке ашыруу планы жана демо-нускасы 2025-жылдын 1-декабрына чейин даярдалып, сунушталсын.

9. Онлайн билим берүү мекемесинин (кампусунун) уюштуруу-укуктук негиздерин, ишмердүүлүк багыттарын, академиялык жана административдик түзүмүн камтыган жобо жана тиешелүү уюштуруу документтерин 2025-жылдын 1-ноябрына чейин даярдап, Окумуштуулар кеңешинин кароосуна сунуштоо укук иштер бөлүмүнө милдеттендирилсин.

10. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө электрондук билим берүү жана санариптик трансформациялоо боюнча проректору, доцент У. Д. Молдояровго жүктөлсүн.

***Негиз:*** *ОшМУнун санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректорунун, окумуштуу катчынын билдирүүлөрү, ректордун сунушу.*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

# Макулдашуу барагы

## ОК № 9, 30.06.2025 1-маселе (У. Д. Молдояров)

## № 3422-ФХД/25 от 04-07-2025

**Баяндоо: ОК № 9, 30.06.2025 1-маселе (У. Д. Молдояров)**

**Демилгечи: Асанбекова Джамиля Жекшеналиевна**

**Макулдашуу буйругу:**

**Приказ "ОК № 9, 30.06.2025 1-маселе (У. Д. Молдояров) (№ 3422-ФХД/25 от 04-07-2025)"**

| № | ФАА | Кызмат орду | Натыйжа | Датасы | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Асанбекова Джамиля Жекшеналиевна | Ученый секретарь | Макулдашылды | 04-07-2025 | |
| 2 | Молдояров Уларбек Дуйшобекович | Санариптик трасформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор | Макулдашылды | 04-07-2025 | |
| 3 | Папиева Толкун Маматаевна | Академиялык иштер башкармалыгынын начальниги | Макулдашылды | 04-07-2025 | |
| 4 | Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич | Ректор | Бекитилген | 04-07-2025 | |
| 5 | Абдирасулов Айтибек Закирович | Бөлүм башчы | | | |
| 6 | Азимов Бектур Абдырахманович | Директор | Аткарылды | 05-07-2025 | |
| 7 | Айдарбекова Жамал Абдыкадыровна | Бөлүм башчы | иште | 07-07-2025 | |
| 8 | Божонов Замирбек Сабиржанович | и.о Директор | Аткарылды | 05-07-2025 | Кабыл алдым |
| 9 | Бөтөнөев Жолдошбек Советбекович | Директор | иште | 07-07-2025 | |
| 10 | Джороев Ташболот Абдыкайымович | Директор | | | |
| 11 | Исраилов Тимур Мурзабекович | Директор | иште | 04-07-2025 | |
| 12 | Козукулов Тимур Алимбекович | Директор | Аткарылды | 05-07-2025 | |
| 13 | Кулдышева Гүлсара Кенжеевна | Директор | | | |
| 14 | Низамиев Абдурашит Гумарович | Директор | иште | 07-07-2025 | |
| 15 | Ураимов Рабшанбек Жусупович | Директор | | | |
| 16 | Шаимкулов Олжобай Акматович | и.о Директор | Аткарылды | 07-07-2025 | |

8 июля 2025 г.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Ош шаары

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин**
**2025-жылдын 30-июнундагы**
**№ 9 жыйынынын**
**ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ**

**КҮН ТАРТИБИ**

**1.** 2024-2025-окуу жылында дистанттык технологияларды пайдалануу менен сырттан окутууда электрондук билим берүү чөйрөсүнүн уюштурулушу, абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары жөнүндө

**УГУЛДУ:** ОшМУнун санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректору У. Д. Молдояров «2024-2025-окуу жылында дистанттык технологияларды пайдалануу менен сырттан окутууда электрондук билим берүү чөйрөсүнүн уюштурулушу, абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары» жөнүндө маселе менен тааныштырып, Окумуштуулар кеңеши талкууга алып, айтылган сунуштардын негизинде төмөндөгүдөй **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. ОшМУнун электрондук билим берүү жана санариптик трансформациялоо боюнча проректору, доцент У. Д. Молдояровдун «2024-2025-окуу жылында дистанттык технологияларды пайдалануу менен сырттан окутууда электрондук билим берүү чөйрөсүнүн уюштурулушу, абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары жөнүндө» билдирүүсү эске алынсын.

2. Материалдык-техникалык базаны жаңылоо максатында компьютердик класстарды заманбап жабдуулар менен толуктоо, интернет ылдамдыгын жогорулатуу жана булуттук платформаларды киргизүү боюнча иштер маалымат коопсуздугу жана компьютерлерди техникалык тейлөө бөлүмүнө жүктөлсүн.

3. 2025-жылдын 1-сентябрына чейин билим берүү порталына жүктөлүүчү электрондук окуу-методикалык комплекстер (ЭОМК) жободо белгиленген талаптарга ылайык жана интерактивдүү элементтерди камтуу принциптерине ылайык кайра иштеп чыгып, ар бир окутуучу өзүнүн окуу курсу боюнча ЭОМКнын мазмуну жана сапаты үчүн жекече жоопкерчилигин алсын. ЭОМКсы белгиленген талаптарга жооп берген гана окутуучуларга сырттан окуу формасында сабак жүгүн бөлүштүрүлүүсүн камсыздоо институттардын директорлоруна милдеттендирилсин.

4. Экономика, юриспруденция жана менеджмент багыттары боюнча сырттан окуу формасына кабыл алуу убактылуу токтотулгандыгына байланыштуу, аталган адистиктерде сыртткы окуу формасында билим алып жаткан, учурда академиялык өргүү алган же окуудан убактылуу четтетилген студенттердин тизмеси такталып, талдансын. Ал студенттер менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, алардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн түшүндүрүү аркылуу 2025–2026-окуу жылы аяктаганга чейин окуусун улантып, жыйынтыктоого үндөө максатында тиешелүү уюштуруучулук иш-чараларды жүргүзүү институттардын директорлоруна милдеттендирилсин.

5. ЭОМК жараткан профессордук-окутуучулар курамын мотивациялоо механизмин иштеп чыгуу жана уюштуруу окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмүнө милдеттендирилсин. Механизмдин долбоору 2025-жылдын 1-октябрына чейин даярдалып, Административдик кеңешине сунушталсын.

6. Санариптик инструменттерди жана электрондук окутуу ыкмаларын колдонуу боюнча үзгүлтүксүз тренингдерди жана курстарды уюштуруу, профессордук-окутуучулук курам ортосунда алдыңкы тажрыйбаларды жана усулдук иштеп чыгууларды алмашуу үчүн аянтчаларды түзүү квалификацияны жогорулатуу борборуна милдеттендирилсин.

7. Студенттерди учурдагы контролдоо жана орто аралык аттестациялоо учурунда өздүгүн аныктоо менен билимин баалоочу онлайн прокторинг системасы өркүндөтүлсүн. Учурдагы сүрөткө тартуучу механизм видеого жана аудиого негизделген платформага өтсүн. Бул системаны 2025-жылдын 1-декабрына чейин ишке киргизүү "IT-Академия" жогорку технология паркына жүктөлсүн.

8. AI (жасалма интеллекттин) жардамы менен электрондук контент түзүүгө багытталган сервисти пилоттук режимде ишке киргизүү тапшырмасы "IT-Академия" жогорку технологиялар паркына, маалымат коопсуздугу жана компьютерлерди техникалык тейлөө бөлүмүнө, математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтуна жүктөлүп, анын ишке ашыруу планы жана демо-нускасы 2025-жылдын 1-декабрына чейин даярдалып, сунушталсын.

9. Онлайн билим берүү мекемесинин (кампусунун) уюштуруу-укуктук негиздерин, ишмердүүлүк багыттарын, академиялык жана административдик түзүмүн камтыган жобо жана тиешелүү уюштуруу документтерин 2025-жылдын 1-ноябрына чейин даярдап, Окумуштуулар кеңешининин кароосуна сунуштоо укук иштер бөлүмүнө милдеттендирилсин.

10. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө электрондук билим берүү жана санариптик трансформациялоо боюнча проректору, доцент У. Д. Молдояровго жүктөлсүн.

**Окумуштуулар кеңешинин торагасы, профессор** **К. Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы, профессордун м.а.** **Дж. Ж. Асанбекова**

# Макулдашуу барагы
## ОК № 9, 30.06.2025 1-маселе (У. Д. Молдояров)
## № 187329 от 04-07-2025

**Баяндоо: ОК № 9, 30.06.2025 1-маселе (У. Д. Молдояров)**

**Демилгечи: Асанбекова Джамиля Жекшеналиевна**

**Макулдашуу буйругу:**

**Протокол "ОК № 9, 30.06.2025 1-маселе (У. Д. Молдояров) (№ 187329 от 04-07-2025)"**

| № | ФАА | Кызмат орду | Натыйжа | Датасы | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Асанбекова Джамиля Жекшеналиевна | Ученый секретарь | Макулдашылды | 04-07-2025 | |
| 2 | Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич | Ректор | Бекитилген | 04-07-2025 | |
| 3 | Молдояров Уларбек Дуйшобекович | Санариптик трасформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор | Таанышым | 05-07-2025 | |

8 июля 2025 г.